**1,3**

Мектепте 2021-2022 окуу жылында 24 (бардыгы 3 декреттик отпускада) мугалим эмгектенген, анын ичинен:

КР Билим берүү жана Илим Министрлигинин « Билим берүүнүн мыктысы» төш белгиси - 3, КР Билим берүү жана илим министрлигинин Ардак Грамотасы - 2 мугалим сыйланган.

Билим берүү сапатын камсыздоо саясатын ишке ашыруу максатында контингенти толук камтуу менен окуучулардын класс комплектилер, үйдөн окутулуучу окуучулардын базасы түзүлгөн.

2019\2020-окуу жылында 11, 2020\2021-окуу жылында класс- комплектилер саны – 11, 2021\2022-окуу жылында класс комплектилердин саны-11.

1-4- класс - 1
5-9- класс - 1
10-11- класс- 1
Даярдоо - 1

Бардыгы мектепте 110 окуучу билим алат: 55 эркек бала, 55 кыз.

Мектептеги билим берүү программаларынын мазмуну Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келет.Базистик окуу планынын негизинде сабактарын жүгүртмөсү түзүлгөн.

2021\2022-окуу жылына 1-4 класстарда 90 саат, 5-9-класстарда 147 саат,10-11-класстарда 60 саат жумалык жүктом жалпы 297 саат бекитилген, үйдөн окутулуучу 1 окуучуга 6 саат жумалык жүктөм, "Наристе" программасы боюнча 480 сааттан 1 класс-комплектиге сааттардын сеткасы эсептелген.

Окутуу: 1- сменада уюшулган.

1. 8:00 -13:05

Иштөө режими:даярдоо, 1-11-класстар - 5 күндүк




Мектеп үчүн бардык тараптан жоопкерчилик мектеп директоруна- Дөөлөтбеков Азамат жана анын орун басарлары аркылуу башкарылат: окуу-тарбия иштери боюнча

директордун орун басары Токолова Чынара Аманбековна, Шыгаев Канат-чарба иштери боюнча директордун орун басары, уюштуруучу-Конурбай уулу Сергек. Мектеп жетекчилигини функционалдык милдеттери менен иш бөлүштүрүү, укуктары жана милдеттери аныкталган.

Мектеп ичинде методикалык кеңеш түзүлгөн, жобосу иштелип чыккан. Анын алдында 4 методикалык бирикме мугалимдердин методикалык чеберчилигин өркүндөтүү жана кесиптик багытта иш алып баруу максатында уюшулган, усулдук кенеш жана методикалык бирикменин №1 педагогикалык кеңеште бекитилген жобо жетекчиликке алынып иш алып барылат:

1) Башталгыч класстар усулдук бирикмеси
2) Табигый илимдер багытындагы усулдук бирикме
3) Гуманитардык усулдук бирикмеси
4) Класс жетекчилердин усулдук бирикмеси

Мугалимдердин, окуучулардын ортосунда мамиле, социалдык жактан коргоого муктаж окуучулар, кесиптештер менен социалдык педагог Абдыракманова Анаркүл Абылгазиевна иштейт.

Мектеп ичинде чечимдерди кабыл алуучу жана ишти жөнгө салуучу болуп педагогикалык кеңеш эсептелинет. Программалык стандарттардын ишке ашышын жана талапка ылайык иш алып барышын усулдук кеңеш жөнгө салат.

Мурзабек Балбаков атындагы орто билим берүү мектеби усулдук бирикменин окуу жылынын башталышы менен усулдук бирикменин иштери: усулдук бирикме мүчөлөрүн тактоо, насаатчы мугалимдерди аныктоо жана жыл ичинде аткарыла турган иштерге программа түзүү менен башталат. УБнин иш планы жана жылдык иш планын талкуулоо жана бекитүү иши УБ жетекчиси менен мектеп администрациясы тарабынан макулдашылат.

Мектептеги ички көзөмөлдүн планынын негизинде ай сайын предметтик декадалар уюштурулган, предметтик декаданын жүрүшүндө предметтик мугалимдер бекитилген иш – пландын негизинде өткөрүлөт. Декаданын алкагында мугалимдер үчүн "ачык эшик" сабактары жарыяланат, дубал газеталар чыгарылат, окуучулар менен класстан тышкаркы иш-чаралар ата-энелердин коштоосунда өткөрүлөт. Административдик текшерүүлөр предметтер боюнча алынып, мугалимдин ийгилигине талдоо иштерин жүргүзүшөт. Окуу бөлүм башчылары чейрек ичинде окуучулардын жазуу дептерлерин, практикалык, лабороториялык иштерине көзөмөл жүргүзүү менен аларды баалоо иштери аткарылат.

Окуучулардын окуу жөндөмүнө жараша түзүлгөн жылдык иш план боюнча кошумча сабактардын өтүлүшүн көзөмөлдөө максатында ар бир мугалим өз предметтери боюнча жөндөмдүү жана аяр мамиледеги окуучуларды аныктап чыгышат жана алар менен иштөө үчүн атайын дептерлер, усулдук кеңештер камтылган китепче түзүлгөн.

Мугалимдердин жолдоштук сабакка катышуу дептерлери уюштурулган, чеберчилигин өркүндөтүү максатында өз ара сабакка, тренинг, дискуссияларга катышуу иштери көзөмөлдүккө алынып келинет.

Мугалимдердин чеберчилигин өнүктүрүү, кесиптик билимин өнүктүрүү, жөндөмдүү балдар үчүн атайын кызыктуу иш-чараларды уюштуруу максатында чыгармачыл мугалимдердин тобу түзүлгөн.

Көп жылдык эмгеги бар мугалимдер методикалык бирикмелердин ичинде насаатчылык иштерин алып барат.

Окуу кабинеттерин талапка ылайык уюштуруу максатында окуу кабинеттеринин башчылары бекитилген. Кабинет башчылары окуу кабинетинин тазалыгы, методикалык бурчтардын уюштурулушу, инвентардын сакталышы, жашылдандыруу ж.б. иштерине жооптуу жана уюштурушат.

Азыркы убакта нормативдик бекемдөө, алдын алуу башкаруучулук ыйгарым укуктарын түзгөн кеңештерине көңүл бурулууда:

- педагогикалык кеңеш;
- усулдук кеңеш;
- камкорчулар кеңеши;
- этика комиссиясы;
- алдын алуу кеңеши;

Административдик жыйындарда, директор алдында кеңешмелерде, педагогикалык кеңешмелерде жана ата-энелер чогулуштарында көптөгөн маселелер жалпы добуш берүүнүн негизинде чечилип, протокол жазылат. Балдарга карата ийгиликтүү социалдаштырылган шарт түзүү үчүн төмөнкүдөй кызматтар иштейт:

- Өзүн-өзү башкаруу уюмдары
- Жаштар уюму

Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинде окуучулардын өзүн-өзү башкаруу уюмунун, кыздар уюму, жаштар уюмунун жобосу педагогикалык кенеште бекитилет, окуучулар ага ылайык иш-план түзүп иштешет. №1 педагогикалык кеңеште уюмдардын жетекчилери бекитилет. "Бүчүр","Жалын", "Жаштык"-жаштардын,өспүрүмдөрдүн өз ыктыяры, каалоолору менен көп улуттуу коомдук кошуундары болуп эсептелет. Өзүн-өзү башкаруу-мектеп парламенти төмөнкү функцияларды жетекчиликке алат:

**А) Идеялык–тарбиялык функция**
**Б)Үйрөтүүчүлүк жана өркүндөтүүчүлүк функциясы**
**В)Уюштуруучулук жана өзүн-өзү башкаруучулук функциясы**
**Г) Диагностикалык функция**

**Жободо уюмдардын милдеттери, укуктары ж.б. каралган:**

- Балдардын жана өспүрүмдөр уюмунун укуктары
- Балдардын жана өспүрүмдөрдүн уюмуна кабыл алуу жана чыгаруу
- Балдар жана өспүрүмдөр уюмунун мүчөлөрүнүн укугу жана милдеттери
- Балдар жана өспүрүмдөр уюмун жетекчиликке алуу жана ишин уюштуруу
- Балдар жана өспүрүмдөр уюмунун башкаруу органдары.
  - ЖӨИИ (ИДН)
  - Милициянын жаш жардамчысы
  - Жарандык коргоо кызматы

Жолдо жүрүүнүн жаш инспекторлору, Милициянын жаш жардамчысы, Жарандык коргоо кызматтары район ичиндеги атайын органдар менен биргеликте иш алып барылат. Окуучулар менен атайын кошуундар, инспекторлордун, жардамчылардын жардамы менен иш алып барылат.

Мектеп жетекчилиги педагогикалык, өндүрүштүк кеңешмелердин чечими менен мугалимдердин жыл ичинде аткарган ишине жараша сыйлыктарга көрсөтүү, же эскертүү берүү, айрым талаш болгон маселелерди чечет. Ошондой эле мектеп кызматкерлеринин ишин баалоо каралат.

Камкордук кеңеш тарабынан мектеп үчүн аткарылган иш, же материалдык жардам берип да келет. Камкордук кеңеш Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин № 609/1 2013-жылдагы буйругу менен бекитилген жобого ылайык иш-алып барууда жетекчиликке алат. Окуучулар үчүн атайын иштелип чыккан акча төлөө иштери каралган эмес, өз каалоосу менен демөөрчүлүк иштери каралган. 1-4-класстын окуучулары үчүн гана эт менен камсыз кылуу жагы каралган. Айына 100 сомдон берилет. Камкордук кеңеш өзү камсыз кылат